**М.Мамбетов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 2022/2023-окуу жылында Сатыбалдиева Жазгүлдүн 6-7-8-9-10-11-класстын окуучуларынын география сабагына берген анализи**

6-а,б класстардын окуучуларынын сабакты өздөштүрүсүү жакшы. Бул класстарга география жаңы киргендиктен балдар абдан кызыгып окушат. Карта менен иштөөдө жакшы жетишкен окуучулар төмөнкүлөр:

Жуматинова С, Кабатаева Ф, Зарылбекова С, Тариелова А, Уланбеков Э, Кадыркулов Б, Темирбекова А, Жээнбаев О, Ажекбаров Д география сабагынан жакшы өздөштүрүшөт. География сабагы боюнча түшүнүгү жана карта менен иштөө мүмкүнчүлүгү төмөн окуучулар:

Качкынов Ф, Көбөгөнов Н, Бейшенгазиев Д, Арипова К, Бактыбеков Б, Жамакеев Н, Таалайбековдор география сабагын начар өздөштүрүшөт.

1-чейректе
6-а класста 60% билим сапат, 6-б класста 58% билим сапат болду
2-чейректе
6-а класста 55%, 6-б класста 29% билим сапат
3-чейрек
6-а класста 55%, 6-б класста 29% билим сапат

7-а,б класстарда сабакты жакшы оздөштүргөн окуучулар материктин географиялык абалы, мамлекеттердин жайгашкан орду, борбор шаарларын билишет. Карта боюнча түшүнүгү жакшы. Зарылбева А, Жумакадырова А, Маратбекова , Курманбеков Т, Туратова, Таалайбекова, Бугубаева , Кубанычбековалар . Географиядан жетишпеген окуучулар дагы жок эмес. Качкынов география сабагынан 1-чейректе 2 чыкты. Быйылкы окуу жылында 7-б класстын окуучусу Зарылбекова Алтынай география предмети боюнча райондук олимпиадага катышып, эн алдыңкы орунду камсыз кылды . Облустук турда 7-класс экенине карабай алдынкы орундарды ээледи. Облустук турда 6-орунду ээледи. Буюрса келечекте облустук олимпиада алдынкы орунду ээлейт. Окуучунун мүмкүнчүлү бар, жакшы даярдык көрсөм жеңишке жетебиз.

1-чейректе
7-а класста 55%, 7-б класста 50% билим сапат
2-чейрек
7-а класста 47%, 7-б класста 50% билим сапат
3-чейрек
7-а класста 47%, 7-б класста 50% билим сапат

8-а,б класстарда  география сабагын жакшы окуган окууучулар, карта жана контур карта менен иштей алышат, мүнөздөй алышат. Кыргызстандын  географиялык абалын аныктайт жана мүнөздөйт. Жакшы жетишкендер: Ажекбарова А, Бегалиева А, Таштанова  Д, Кубанычбекова М, Акунов, Шейшенов, Сүйөрова .

Жакшы өздөштүрбөгөн окуучулар: Эсенов, Айдарбеков, Сапарбеков, Желдеңов, Турусбеков, Кадыркулов

1-чейрек
8-а класс 45%, 8-б класс 44% билим сапат
2-чейрек
8-а класс 40%, 8-б класс 33% билим сапат
3-чейрек
8-а класс 40%, 8-б класс 33% билим сапат

9-а,б класстын география сабагын өздөштүрүүсү орто. Чоң класска барганда окуучулар сабака кызыгуусу азая баштаганын байкайм.  Көп эле ыкмаларды колдоном, бирок сабака кызыктыра албай келатам. 9-класстарда мыкты өздөштүргөндөр жок. Ортодон жогору өздөштүргөн окууулар: Кабатаева, Кулунчакова, Рыстөрөева, Маратбековалар. Начар өздөштүргөндөр Макишов, Эсенгелдиев, Жеңишбек уулу Р, Азизова, Темирбеков жана башкалар. НЦТ тестке даярдык көрүп жатабыз. Себеби мамлекеттик экзаменде тандоо сабактан тесттен жакшы баа алса бошотулат. Буюрса НЦТ тестте ийгилик жаратабыз.

1-чейрек
9-а класс 23%, 9-б класс 29% билим сапат
2-чейрек
9-а класс35%, 9-б класс 41% билим сапат
3-чейрек
9-а класс 23%, 9-б класс 29% билим сапат

10-класстардын география сабагын өздөштүрүүсү жакшы, себеби предметтик олимпиадага катышып райондон жеңүүчү болуп, облустук турга катышкан окуучу бар. Таштанова 9-класстан облустук турга катышып, быйылкы жылы райондук турдан 4-орунду ээледи. Карта менен иштөө мүмкүнчүлүктөрү бар.

1-чейрек
10-класс 53%
10-класс 50%
3-чейрек
10-класс 50 %

11-класстарда 15 окуучу окуйт. География сабагын жакшы өздөштүрүшөт. География боюнча билимдери жакшы.
1-чейрек 53%, 2-чейрек 40%, 3-чейрек 40% түзөт.

Олимпиадага даярдоодо интернет булактарын пайдаланам жана карта боюнча билимимди пайдаланып даярдайм. Китептен тышкаркы маалыматтарды көп колдоном. Практикамда ошол маалыматтардын жыйынтыгын көрүп келем. Буюрса облустук олимпиаданын жеңүүчүсү, республикалык олимпиадага чейин окуучуларды чыгарам.

**М.Мамбетов атындагы жалпы орто билим берүү мекитебинин 2022-2023-окуу жылында Байболова Махабаттын 3-б класстын окуучуларынын математика сабагына берген анализи.**

2022-2023-окуу жылында 3-б класста 18 окуучу билим алууда.Математика сабагы жумасына 5 саат өтүлөт.1-жарым жылдыкта 17.11.2022 жылы «Мисал,маселе иштөө»деген темада ачык сабак өтүлдү.Сабакта китеп менен иштөө,логикалык суроолор,амалдарды аткаруу боюнча тапшырмалар берилди.Класс үч топко бөлүнгөн

Топторго:маселени маалымат жыйноо ыкмасы менен иштөө,жекече тапшырмалар,логикалык суроолор,мисал,маселени доскада иштөө,китеп менен иштөө ,мамыча түрүндө иштөө тапшырмалары берилди.Баалоо өз алдынча жана топтор менен болду.

Класста Акунова Акылжан,Кочкорбаев Нурсултан,Арстанбеков Нурмат жана Муратбекова Сумая «эң жакшы»деген баага окушат.Эң жакшы өздөштүргөн окуучуларга өз алдынча тапшырмалар берилип турат.Татаал мисал,маселе жана татаал теңдемелер менен иштешет.Математика сабагынан жетишпеген окуучу жок.өздөштүрүүсү начар окуучулар менен өз алдынча сабактан тышкары убакта иш алып барам жадыбалды,амалдарды аткаруунун тартибин билишет.Графикалык жат жазуу,амалдарды аткаруу,жадыбал жаттоо боюнча тапшырмалар берилип турат.Көбөйтүү,бөлүү амалдарын мамыча түрүндө аткара алышат.

Жылдын башында окуучуларды логикалык ой жүгүртүүгө,тесттер менен иштөөгө,жадыбал жаттоого,алган билимдерин жашоодо колдоно билүүгө,пайдаланууга үйрөтүүгө максат койдум.

Андан сырткары «PISA 2025»ке даярдоо боюнча дагы жылдын башында план түзүлгөн.Логикалык ой жүгүртүүгө карата тесттер менен иштешет.Жумасына 1 жолу тест аткарышат.Жыйынтыгы чыгарылып баа коюлат.Балдардын аткарган иштери атайы уюшулган папкага салынып турат.

**М.Мамбетов атындагы ж. о.б.б. мектебинин 2022-2023-окуу жылында Жалилова Барчындын 8ᵃ-10-11-класстын окуучуларынын кыргыз тили жана адабияты сабагына берген анализи**

Өткөнкү окуу жылында 8-класста 20 окуучу, 10-классында 26 окуучу, ал эми 11-класста 15 окуучу билим алышты. 1-жарым жылдыкта 8-а класста кыргыз тили жана адабияты сабагынан бул окуучулар:

Акунов Б
Ажекбаровва А,
Бегалиева А,
Рыскелдиева А,
Базарбекова С,
Акунов Б,
Тариэлова А жакшы окушуп, түшунүктөрүн эркин айтып берүү менен эң жакшы бааларды алып жатышты.

**10- класста бул окуучулар:**

Акунова С
Тудубекова А
Дөөлөтшаева К
Туратова А
Таштанова К
Эсенгулова Н ,
Жаналиев А

жакшы окушуп, түшүнүктөрүн эркин айтып берүү менен эң жакшы бааларды алып жатышты. Турдубекова А «Калем-Ко» республикалык онлайн олимпиадасына катышып ,2300 окуучунун ичинен эң алдыңкы 30 окуучунун катарына кирип, «Алтын сертификат» менен сыйланды. Ошондой эле Дөөлөтшаева К «Бүткүл дүйнөлүк почта күнүнө» карата эпистолярдык жанрда дилбаян жазып , Айыл Өкмөттун жана райондук почта тарабынын «Ыраазычылык кат», «Ардак грамота» жана акчалай сыйлык менен сыйланды.

**11- класста бул окуучулар:**

Ашымова А
Кочкорбаева Н
Токтобаева А
Урпалиева А
Эркинбек К А жакшы окушуп, түшунуктөрүн эркин айтып берүү менен эң жакшы бааларды алып жатышты. Райондук «Манас таануу» интеллектуалдык таймашка Кочкорбаева Н, Токтобаева А, Урпалиева А катышып 1-орунду багындырып, диплом менен сыйланышты.

Окуучулардын кыргыз тили сабагы боюнча жылдык билим сапаты төмөндөгүдөй:

8-а класс 57%
10- класс 60%
11-класс 55%

**Адабияты сабагы боюнча:**

8-а класс 65%
10- класс 63%
11-класс 60%

Окуучулар менен көбүрөөк аналогиялык, грамматикалык тесттер менен иштөөм керек. Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүнө көңүл бөлүп , тексттердин негизинде түшүнүктөрүн эркин айттырып, сүйлөмдөрдү толуктоо менен иш алып барууга аракет кылам.